Социалдык педагогдорго маалыматтык колдоо

# Ырайымсыз катаал мамилеге дуушар болгон балдар менен иштөө

***Балдар жөнүндөгү кодекстин негизги идеясы:***

Ар бир бала зордук – зомбулуктан корголуп, ырайымсыз катаал мамиледен сакталууга тийиш.

Ырайымсыз катаал мамилеге дуушар болгон балдарга карата зордук-зомбулуктун **4** түрү бар:

# 1 - түрү

## Физикалык зордук-зомбулук

Физикалык жазалоолор: жаралар, тытыктар, дененин көгөрүүлөрү, урган предметтердин же колдун тактары, күйүктөр, физикалык өсүүсүнүн басаңдоосу, сөөктөрдүн жабыркоосу, сынышы, денесинде тактардын пайда болушу, ден-соолугунун начарлоосу, тишинин, чачынын түшүүсү, уйкусунун бузулуусу ж.б. белгилер байкалуусу мүмкүн.

# 2 - түрү

## Психологиялык жактан кордоо

Балдар менен көп ойнобойт, жакшы сүйлөй албайт, өнүгүүсүндө артта калуу байкалат, маанайы муңайыңкы, токтоо же өтө тентек мүнөз, түнт, бармагын сорот, тырмагын тиштейт, коркок, өзүн төмөн баалайт, агресивдүү же өтө эле тил алчаак, тынчсызданат, жалган сүйлөйт, уурулукка барат, жүрүм-туруму девианттуу, депрессияга түшкөн, алсыз, импульсивдүү, тез кыжыры келет.

# 3 - түрү

## Камкордуктун жоктугуна кабылган бала

Гигиена сакталбайт, тырмактары өскөн, денеси кир, ачка, балага уктоого же эс алууга атайын жер бөлүнүп берилген эмес,туура эмес тамактанат, арыктап же толуп кеткен, кийимин алмаштырбайт, тиштерин кариес баскан, жашаган жеринде коопсуздук сакталган эмес,бала медициналык кароодон өткөрүлгөн эмес, өтүшүп кеткен оорулар менен ооруйт,үйдө антисанитария өкүм сүрөт,ата-энеси ичет ж.б.

# 4 – түрү

# Сексуалдык зордук-зомбулукка кабылган балдар

Уйкусу бузулат, өтө коркот,сексуалдык мүнөздөгү оюндарды ойнойт, психикалык ооруга чалдыккан, үйдөн качат, суициддик жүрүм-туруму байкалат, агрессивдүүлүк, ичи жана табарсыгынын тушу ооруганын айтат, кийимдери айрылган, жыныстык жол менен жугуучу инфекциялык ооруларга чалдыккан, салмагы кескин өзгөргөн, вагиналдык каноо, экзема, дерматит, учук, денесине ар кандай жаралар чыгат, денесин шишик басат ж.б.